DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Токторалы кызы А., Алымбаев Ж.Б.*

# КЫРГЫЗДАРДАГЫ ТУУГАНДЫК ЖАНА УРУУЛУК БАЙЛАНЫШТАР (XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башы)

*Токторалы кызы А., Алымбаев Ж.Б.*

# РОДСТВЕННЫЕ И РОДОВЫЕ СВЯЗИ У КЫРГЫЗОВ (вторая половина XIX - начало XX веков)

*Toktoraly kyzy A., Zh.B. Alymbaev*

# KINSHIP AND TRIBAL TIES IN KYRGYZ PEOPLE (the second half of the XIX - early XX centuries)

*УДК: 903.11:398 (575.2)(04)*

*Макалада XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы кыргыз урууулар арасындагы туугандык, уруулук байланыштардын тарыхый зарылдыктарына анализ берүүгө аракет жасалат. Кылымдар бою көчмөн, жарым көчмөн турмушта жашап келген кыргыздардын арасындагы туугандык, уруулук байланыштардын жаралуу, өрчүү себептерин изилдөө актуалдуу маселелердин бири экендиги белгиленет. Макалада XIX к. ортосундагы кыргыздардын уруу-уруу болуп жашашы, белгилүү чоң урууулардын жалпы саны көрсөтүлөт. Кыргыздардагы урук, уруулук байланыштардын себептерине токтолуп, бир катар далилдүү фактылар келтирилет. Мал асыроо, жутчулук, кол өнөрчүлүк, дыйканчылык жана башка күнүмдүк турмуштагы зарылдыктардан, муктаждыктардан улам урук, уруу арасындагы биригүү, жардамдашуу зарылдыктары жаралган. Макалада чарбалык, социалдык жактан болгон уруулук, туугандык байланыштарга мисалдар келтирилип, жыйынтыктар чыгарылат. Россия империясына каратылгандан кийинки уруулук түзүлүшкө карата падышачылыктын жүргүзгөн саясатынын багыттарын, принциптерин ачып берүүгө аракет жасалат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыздар, уруу, урук, туугандык байланыш, көчмөнчүлүк.*

*В статье делается попытка проанализировать исторические потребности родственных и родовых уз между кыргызскими племенами во второй половине XIX - начале XX века. Отмечается, что одним из наиболее актуальных вопросов является изучение причин возникновения и развития родственных и племенных связей между киргизами, веками ведущими кочевой и полукочевой образ жизни. В статье показано общее количество известных крупных племен в середине XIX в. Приводится ряд фактов с акцентом на причины родовых связей у кыргызов. Из-за животноводства, голода, ремесла, сельского хозяйства и других потребностей повседневной жизни, возникла потребность в межплеменном единстве и помощи. В статье приводятся примеры и делаются выводы о хозяйственных, социальных, родовых и родственных связях. Делается попытка раскрыть направления и принципы царской политики в отношении родоплеменного строя после присоединения к Российской империи.*

***Ключевые слова***: *кыргызы, племя, род, родственные связи, номадизм.*

*In the article an attempt has been made to analyze the historical necessities of the kinship, tribal ties between Kyrgyz tribes at second half of the 19th century and at the beginning of the 20th century. It is noted, that researching of reasons for emerging and development of kinship and tribal ties amongst the Kyrgyz People, who had been leading nomadic and semi-nomadic life over the centuries, is one of the actual problems . The life of the Kyrgyz people in tribes in 19th century, and the total number of well-known big tribes have been shown in the article. Focusing on reasons for kinship and tribal ties, a number of confirmed facts has been mentioned. With the cattle breeding, famine, workmanship, peasantry and other daily life needs, the kinship, consolidation amongst tribes, and necessities for helping had emerged. Examples on kinship, relative ties on economic and social part have been given and conclusions have been made. Attempts have been made to disclose vectors and principles of the policy administered by the empire to the tribal system after obeying to the Russian Empire.*

***Key words:*** *kyrgyz people, tribe, kinship, relative ties, nomadism.*

Бүтүндөй көчмөн дүйнөсүнүн философиясы, жашоо образы көчүүгө, мал чарбасына байланышкан. Отурукташкан элдерде жалпы идеология, жашоо образы мамлекеттүүлүккө, аймактын бүтүндүгүн сактоого багытталса, көчмөн элдерде ал түздөн-түз уруулук, тууганчылыкка багытталган. А. Вежбицки белгилегендей: “Көчмөн жашоо образы, көчмөндөрдүн иденттүүлүгүн калыптандырган. Талаадагы жашоо шарт, климат, малды асыроо элдердин биргелешүүсүн талап кылган. Жошоонун мааниси урууга кызмат кылуу болгон” [6, 40-б]. Демек, көчмөн турмуш шартында жашаган кыргыз коомунда ар бир уруунун чарбачылык турмушу, социалдык-экономикалык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мамилеси, үрп-адаттары, анын салты трайбализмдин принциптерине ылайык жүргөнү талашсыз.

XVIII кылымдан бери уланып келген тышкы саясий окуялар, күчтөр жана эл арасындагы ич ара чыр-чатактардын натыйжасында кыргыздарда бирдиктүү бир мамлекет болгон эмес. Географиялык шарттарга ылайык көчмөн турмушту баштан кечирип, бир нече урууларга бөлүнүп жашашкандыктан, бирдиктүү экономикага, борбордошкон саясий бирикмеге эгедер болушкан эмес. XIX кылымдын ортосунда кыргыз уруу бирикмелеринин ичинде түндүк аймакта белгилүүлөрү солто, сарыбагыш, бугу, саяк, черик болсо, түштүктө адыгене, мунгуш, кыпчак болгон. Ал эми саруу, кушчу, кытай чоңбагыш, азык, басыз, катаган, монолдор, жедигер, дөөлөс, теит ж.б. ошондогу кыргыздардын экономикалык жана саясий жашоосунда азыраак роль ойногон [10, 9-б.]. Ч. Валиханов кыргыздардын уруулук түзүлүшүн, тамга жана ураандарын айтуу менен бирге кара кыргыздардагы эң бай уруулардын бири-бугу 10000 түтүндөн, солто 20000, сарыбагыш 10000, саяк 13 000, чоңбагыш 500дөн көп эмес түтүндөн тургандыгын белгилейт [5, 43-44-бб.]. Ал эми Н.А. Аристов боюнча 1862-ж. сарыбагыш уруусу 9000 түтүн, бугу 1859-ж. маалымат боюнча 15210 түтүн, ал эми солто 12000 түтүндөн турат [4, 54-55-бб.].

Кыргыздардын социалдык уюму кандаш туугандык, генеологиялык, экономикалык, аскердик байланыштар менен аныкталган татаал система. А.Жапаров бир канча эмгектерге таянуу менен өзүнүн макаласында кыргыз коомун үчкө бөлүп караган. Мисалы, ата-энесинин жана жубайынын туугандарынан турган кичинекей үй-бүлө. Мындай коомдун туугандык боосу бекем болуп, курамына абдан жакын туугандар киришет да, алардын негизги милдеттери катары биргеликте көчүү, мал-жанын коргоо, чарба иштерин бирге жүргүзүү болгон. Бул баскычты “бир атанын балдары” деп атоого болот. Ал эми кийинки баскычтагы коом (община) дал жогорудагыдай кичине үй-бүлөлөрдүн биригүүсүнүн натыйжасында болуп, 5-6 түтүн кирген [11, 245-246-бб.]. Бул баскыч боюнча А.М.Хазанов: “Көптөгөн көчмөндөрдө бир канча коом (община) биригип, белгилүү бир сезондо бирге жайыт талааларын, суу ресурстарын колдонушуп, бирге көчүшүп, социалдык, туугандык жактан, кээде кандайдыр бир жардамдашуу аркылуу бири-бири менен тыгыз байланышта” [16, 235-б.] -деп жазат. Ал эми 3-баскычтагы общинага 2-баскычтагы бир канча көчмөн община биригип, алар белгилүү территорияны ээлешет, бирок алардын ортосундагы байланыш алсыз жана туруксуз болгон [11, 246-б.]. Мындай коом чоң айылды түзүп, алар бири-бири менен социалдык, экономикалык жактан тыгыз байланышта болушкан. Бирок бир чоң уруунун айланасына биригишкен уруктардын баары эле ошол уруунун балдары болгон эмес, кайсы бир себептерден улам “чоочун” уруктар да кошула алышкан. Демек, уруулар аралык биригүү бир гана туугандык боого байланышпаган. Мындай общиналар социалдык-экономикалык абалына жараша бай жана кедей болуп бөлүнүшкөн. Бул туурасында Ч.Ч. Валиханов: “Калк касталарга: ээлик кылуучу (манаптар) жана карапайым калк (букара) болуп бөлүнгөн” [5, 38-б.] - деп жазса, Б. Солтоноев кыргыздарды хан, манап, бий, баатыр, бай, букара, кедей жана кул деп сегиз түркүмгө бөлүп жазат [14, 417-б.]. Ал эми М.Т. Айтбаев кыргыз коомун феодалдар жана феодалдарга көз каранды карапайым эл деп 2 катмарга ажыратып, үстөмдүк кылуучу тап катары манап, бий, байларды баса белгилейт [1, 132-б.]. Албетте, алар чоң жайыт талааларына ээ болуу менен бирге бир уруктун, уруунун башында туруп, экономикалык жана саясий күч болушкан деп айтууга болот.

Постсоветтик доорго чейинки жазылган эмгектердин дээрлик баарында феодалдык төбөлдөр негативдүү сүрөттөлгөнү менен алардын уруу ичинде туугандарына материалдык жактан жардам бергендигин көрсөк болот. Алсак, К.Усенбаев өз эмгегинде: “Жарды үй-бүлөлөр байлар менен чогуу көчүшүп, алардын баардык чарба иштерин: аялдары коюн, уюн, бээсин саап, кирин жууган; отун чогултуп, тамак-аш даярдашкан, балдары байдын козу, торпокторун кайтарышкан. Кылган кызматы үчүн убактылуу сүт ичүүгө бир-эки саан уй, кой жана тамак-аш алышкан” [15, 136-б.] - деп белгилейт. Талаа жумуштарын кандайдыр бир туугандык байланышы бар “жатактарга” тапшырып, алар кызматы үчүн “күч” же “унаа” катары убактылуу колдонууга жылкы алышкан. Ал эми Г.Е. Грум-Гржимайло: “Алар (жардылар) сыртынан караганда анча билинбегени менен кулча кемсинтүүгө, контролсуз башкарылууга дуушар болушса да, байлардын айланасында чогулушат” [8, 99-б.] - деп жазат. Чындыгында XIX кылымдан тарта экономикалык абалы начар үй-бүлөлөрдү колдоо үчүн байлардын көпчүлүгү сүтүн жана жүнүн каалашынча колдонуу акысына кызмат кылуу шарты менен кедей туугандарына саан, союш берип турушкандыгы, жайыт талаалары менен бөлүшкөндүгү анык. Ал-бетте, бай-манаптар колундагы байлыгына таянуу менен өз кызыкчылыктарын ишке ашырышкан бирок ошол байлардын болушу менен кедей туугандары да курсагын тойгузуп, ач-жылаңач калышпагандыгы тарыхый логикага жатат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Уруу мүчөлөрү арасында бири-бирин колдоо, коргоо адаты болгон. Уруунун өкүлүнө зыян келтирилген учурда бүтүндөй уруу өч алуу үчүн бириккен. Кун куумай, кун төлөмөй иш-аракеттери, өлүк көмүүдө ар бир уруу мүчөсүнүн катышуусу, кээде материалдык жардам көрсөтүүсү шарт болгон [10, 69-б.]. Эгерде уруу ичинде кимдир бирөө кылмышкер деп табылса, жалпы уруу анын коргоочусу да, күбөлөндүрүүчүсү да болгон. Мындайда чындык эмес, уруу намысы биринчи орунда турат [12, 80-б.]. Демек, П.И. Кушнер белгилегендей, улут эмес уруулук баалуулук жогору тургандыгын баамдоого болот. Чогуу көчүп, чогуу жүрүү шарттуу болгон. Башка уруунун колуна түшкөн мал болсун, адам болсун, оңой менен кайра өз элине кошула алган эмес, колго түшүп кеткен эркек, аял кул, күң болуп жүрүп өмүр өткөргөн [13, 526-б.]. Ошондуктан ар бир уруу өз кишисин, өз малын башка урууга алдырбоого далалат кылышкан. Мисалы, бугу, саяк баардыгы Ормон өлгөн соң, Каркырага көчүп барышкан, бирок алар кайрадан Көлгө көчмөкчү болгондо, Алыбек көч алды болуп берген да, натыйжада туткунга түшүп, сарыбагыш уруусунан Кыдык, дагы бир кабарда Ормондун Кутукеч деген жигити чаап өлтүргөн [14, 248-б.]. Алыбектин өлүмүн Ормондун куну катары жана ошол доордогу уруулардын бөлүнбөй бирге жүрүүсү коопсуз жашоонун кепилдиги болгондугуна мисал боло алат. Бир уруудан бир кишинин акысы башка урууга кетсе же башка уруудан уруп койсо же өлтүрсө, анын кунун бүтүн уруу доолашкан. Бир киши ууру кылса, эр өлтүрсө айып менен кунду бүтүн уруу төлөп куткарган. Кылмыш кылгандарды уруудан айдап салышкан [9, 163-б.]. Уруудан айдалуу өлүмгө тете болгон. Анткени уруу анын ар бир мүчөсүнүн маданий капиталы болуп, аны менен коомдогу өзүнүн ордун, социалдык байланыштарын кура да, тескей да алган.

Россия империясынын Түркстан менен болгон соода байланышынын өнүгүшү көчмөн кыргыздардын экономикасына да таасирин тийгизип, айрым буюмдар сатыкка чыккан. Алсак, К.И. Антипина “Орто Азия базарларына кыргыз кездемелери, кийиз, халат, паластар, эркектер үчүн кийиз баш кийимдер, ээр, кийиз, аркандар жана түрдүү жыгач буюмдар келип түшөт”– деп жазат [3, 18-б.]. Сатыкка чыккан бул буюмдардын көпчүлүгү коллективдүү иштөөнү талап кылгандыктан көпчүлүк учурда уруу мүчөлөрүнүн айрыкча туугандардын топтошуусу аркылуу ишке ашкан. Андан түшкөн киреше бүтүндөй уруктун кызыкчылыктарына жумшалган. Демек, тууган-урук, уруу-уруу болуп жашоону көчмөн турмуш шарты жана доор талап кылган десек болот.

Кыргыздардын арасында уруулук, туугандык биримдиктин, байланыштын сакталуу зарылдыктарынын бири – бул жутчулук. Кыргызстандын табиятынын жана географиялык шарттары көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбасынын өнүгүшүнө шарт түзүп, жыл мезгилдерине жараша жайыт талаалары кыштоо, жаздоо, жайлоо, күздөө болуп бөлүнгөн. Мал чарбасы экстенсивдүү мүнөздө болгондуктан кээде климаттын катаал шарттарына туруштук бере албаган. Массалык түрдө малдын санынын төмөндөшү, азык-түлүктөрдүн жетишсиздигинен, катуу суuktan улам жут чыгып, ал боюнча эл оозунда мындай ыр сакталып калган:

Коен жылы кышында,
Жутап калдык ошондо.
Кырк жылкылуу кыйрады
Он жылкылуу оюлду
Тоңуп калып териси
Жазга маал союлду [2, 21-б.].

Жут мезгигилинде жардылар жайыт талааларын колунда бар туугандарына өткөрүп берип, алардан жардам алып жашоого умтулушкандыгы анык. Көчмөндөрдүн баардык кызыкчылыгы мал чарбасына байланышкан. Баюунун бир жолу-эбегейсиз малга, жайытка ээ болуу болгондуктан, экономикалык, территориялык кызыкчылык үчүн уруулар арасында кагылышуулар, биригүүлөр болуп турган. Кыш мезгилиндеги кыштоонун оор шарты, бороон-чапкын, дээрлик таңдан кечке чейин ачык асман алдында күн өткөрүү, жакшы камсыздалбаган турак жай, жеңил кийим-кечек, ал эми дыйканчылыкта эң жөнөкөй эмгек куралдары көпчүлүк орто чарбадагы уруктардын биригүүсүн биргеликте турмуш өткөрүүсүн талап кылган.

Жыл мезгилине жараша көчүү процесси да кыргыздар үчүн өзгөчө орунду ээлеген. Анткени башка уруулар тарабынан көчүү процессинин үзгүлтүккө учурашы же жайыт талааларынын тартылып алынышы уруулар арасындагы чыр-чатактарга а кээде бир айылдын таптакыр жок болушуна жол ачкан. Уруктар аралык биригүү мал кайтаруу, катаал ашууларды ашуу, жайыт талааларын эффективдүү колдонуу үчүн пайдалуу болгон. Чарбалык турмушта кой кыркуу иши, жандыктарды жайытка айдоо, ашуу ашып, өрүш которуудагы кыйынчылыктарды биргеликте басып өтүүгө туура келген. Мындан башка ала кийиз, кийиз, шырдак, жүн тытуу, таар согуу иштери үчүн туугандар, кошуналар чакырылып, биргелешип бир канча оор жумуштарды бүтүрө алышкан. Мындай биргелешип иштөө кыргыздарда ашар деп аталган. Ашар карапайым калктын феодалдардын астындагы милдети эмес, эмгекчилердин чарбачылыкта бири-бирине

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



берген жардамы [15, 149-б.]. Демек, көптөгөн иштерди ашар жолу менен ынтымакта бүткөрүп келишкен жана бүгүнкү күндө мындай адат дале уланып келе жатат. Ал эми кыргыздардын дыйканчылыгы боюнча Ч. Валиханов: “Жылына бугу уруусунун баары 15000 кап эгин эгишет. Алар арпа, буудай, таруу эгишет” [5, 33-б.] - деп жазат. Демек, бул мисалдан эле жерди дагы бүтүндөй бир уруу биргеликте иштеткендигин көрүүгө болот. Автор ошондой эле саяк уруусунун манабы Осмон Тайлактын өзүнүн уруулаштарына айдоо жерлерин бөлүштүрүп бергендиги тууралуу маалымат калтырат [5, 32-б.]. Ал эми жаңы жерлерди өздөштүрүп алууда чогулуп арык чаап, суу алышкан [2, 22-б.]. Демек, мал чарбасы менен бирге дыйканчылык да өкүм сүрүп, техниканын жоктугу баардык уруу мүчөлөрүнүн биргеликте иш кылуусуна шарт түзгөн.

Кыргызстан Россия империясына каратылгандан кийин жаңы колониалдык башкаруу системасы киргизилип, административтик башкаруу боюнча бир катар Жоболор кабыл алынган. Алсак, 1867-жылдагы Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областарын башкаруу мыйзамына ылайык көчмөн элдерди болуштуктарга жана айылдарга бөлүштүрө баштаган. Анын максаты уруулардын биригүүсүн жана бир уруу башчысынын жетекчилиги астында уруулардын саясий жактан күчтөнүүсүн алдын алуу болгон [7, 13-б.]. Болуштук жана айылдык башкаруу урук-уруулук эмес, территориялык принциптин негизинде бөлүнгөн. Бирок 1867-1884-жылдар аралыгындагы Түркстан начальнигинин билдирүүсүнө караганда кыргыздарды айылдарга, болуштуктарга бөлүү өзүнүн максатына жетпей, уруулук түзүлүш баштапкыдай эле өзүнүн маанисин жоготкон эмес [7, 16-б.]. Демек, колониалдык башкаруунун баштапкы мезгилдеринде жүргүзүлгөн реформаларга карабастан, кыргыздардын арасындагы уруулук аң-сезим күчтүү бойдон кала берген. 1880-1890-жылдар аралыгындагы Россия империясынын Түркстан крайында жүргүзүлгөн реформалары көчмөн жана жарым көчмөн элдердин жашоо образында өзгөрүүлөргө дуушар кылган. Жайыт талааларынын кыскарышы менен мал чарбасы да кыскарып, натыйжада айрым көчмөндөр отурукташууга өтө баштаган. Айрым жерлерде генеологиялык жактан байланышы бар кошуна айылдар болуштук түзүп, кышында тамак-аш жетишсиз мезгилде кандаш туугандык байланыш (бир атанын балдары) боюнча айылдарга бөлүнүшкөн [6, 46-б.]. Демек бул доор бүтүндөй бир уруу эмес, жакын “кандаш” туугандар аралык мамиленин, кичинекей үй-бүлөнүн үстөмдүк кылуусуна шарт түзгөн деп айтууга негиз бар. Мындай тарыхый шартта, улуттук эмес, уруулук идеология басымдуу болгон мезгилде социалдык-экономикалык тармакта, чарбачылык турмушта туугандык, уруулук байланыш абдан зарыл болгон.

**Адабияттар:**


1. Айтбаев М.Т. Социально-экономическое отношения в киргизском аиле в XIX и начале XX в. - Фрунзе, 1962.
2. Айтмамбетов Д. Общественно-экономический строй киргизов дореволюционного периода. // КУИА КЖФ/ №1695.
3. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. - Фрунзе, 1962.
4. Аристов Н.А. Труды по истории и этническому составу тюркских племен. - Бишкек, 2003.
5. Валиханов Ч. В. Собрание сочинений в пяти томах. - Т.2. - Алма-Ата, 1985.
6. Вежбицки А. Исторические, политические и социально-экономические аспекты номадизма и трайбализма у народов Центральной Азии / А. Вежбицки // Центральная Евразия. 2018. № 2(2).
7. Гродеков Н.И. Киргизы и каракиргизы Сырь-Дарьинской области. Юридический бытъ.- Т.1.- Ташкент,1889.
8. Грум-Грижимайло В.Е. Очерк Припамирских стран. // Туркестанский сборник. 1886.- Т. 405.
9. Загряжский Г.С. Юридически обычай киргизов. О различных родах состояний и о правах им присвоенных. // Туркестанский сборник. -1876. - Т. 122.
10. Жамгырчинов Б.Ж. Присоединение Киргизии к России. - М., 1959.
11. Жапаров А. З. Социальные и семейные отношения. // Кыргызы. - М., 2016.
12. Кушнер П.И.( Кнышев) Горная Киргизия.- М., 1929.
13. Кыргыздар.- Т. 2. - Бишкек, 1993.
14. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. - Бишкек, 2017.
15. Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов период господства Кокандского ханства. - Фрунзе, 1961.
16. Хазанов А.М. Кочевники и внешний мир. - Алматы, 2002.